| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ МЕКЕМЕСИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЖИБЕК-ЖОЛУ** |

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 42**

13.09.2024-жыл Согонду айылы

**Кошулуш айылындагы №38 Ж. Исаева атындагы орто мектепти көмүр менен жылытууга өткөрүү үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка сунуштоо жөнүндө**

Кошулуш айылындагы №38 Ж. Исаева атындагы орто мектепти көмүр менен жылытууга өткөрүү боюнча айыл башчы Т. Караевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VII отуруму **токтом кылат:**

1. Кошулуш айылындагы №38 Ж. Исаева атындагы орто мектепти көмүр менен жылытууга өткөрүү үчүн дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоордун негизинде оңдоодон өткөрүлсүн;

2. Мектепти көмүр менен жылытууга өткөрүү суммасы 2 999 940 (эки миллион тогуз жүз токсон тогуз миң тогуз жүз кырк ) сомду түзүп, 15% өздүк салымы 449991 (төрт жүз кырк тогуз миң тогуз жүз токсон бир) сом айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бюджетине сунушталып, бөлүнүп берилсин;

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловго сунушталсын;

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын;

**Төрага** **Т. Орозали уулу**